КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ЧЕЧИМ
# РЕШЕНИЕ

2025ж. 7-декабрь № 1523

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Жаран Д.Д. Рахмановдун даттануусу жөнүндө

2025-жылдын 1-декабрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жаран Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтен № 5 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Сулайманов Эльдар Нурлановичтин шайлоо алдындагы үгүт шарттарын бузгандыгы тууралуу даттануу келип түшкөн.

Арыз ээси өзүнүн даттануусунда 2025-жылдын 29-ноябрынан 2025-жылдын 30-ноябрына саат 02.30га чейин Ош шаарында Достук чек ара постунан баштап Курманжан датка көчөсүнүн боюндагы ЛЭД-экрандарда талапкер Э.Н. Сулаймановдун үгүт видеороликтери мыйзамсыз көрсөтүлүп, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптары бузулгандыгын көрсөткөн.

Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдум өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) 2025-жылдын 4-декабрында болуп өткөн жыйынына арыз ээси Рахманов Д.Д. чакырылып, угулду.

Д.Д. Рахманов өзүнүн даттануусунда баяндалган жүйөлөрдү тастыктады, бирок ал шилтеме кылган жагдайларды объективдүү тастыктай турган документтерди жана башка далилдерди берген жок.

Жумушчу топ Д.Д. Рахмановдун даттануусун карап жана изилдеп чыгып, даттанууда көрсөтүлгөн жагдайлар болжолдуу, баа берүүчү жана тастыкталбаган мүнөзгө ээ, ушуга байланыштуу алар далилдөөчү база катары колдонулушу мүмкүн эмес деп эсептейт.

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 43-беренесине ылайык арыздар (даттануулар) негизделген болушу жана алар негизделген далилдер менен бирге берилиши керек.

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 43-беренесине ылайык, Жумушчу топтун 2025-жылдын 5-декабрындагы чечиминин негизинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

1. Жаран Рахманов Дилмурат Дилдорбековичтин арызын канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Жаран Рахманов Дилмурат Дилдорбековичке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул чечимге даттануу тартиби жөнүндө маалымдалсын.
3. Ушул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.
4. Ушул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү, Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топтун жетекчиси У.К. Жылкыбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Шайназаров**

Бишкек ш., 2025-жылдын 7-декабры
№ 1523

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ | | ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

**ЧЕЧИМ**
**РЕШЕНИЕ**

8 декабря 2025 № 1523 — Бишкек ш. г. Бишкек

**О жалобе гражданина Рахманова Д.Д.**

1 декабря 2025 года в Центральную комиссию по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики поступила жалоба от гражданина Рахманова Дилмурада Дилдорбековича о нарушении условий предвыборной агитации кандидатом в депутаты Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по многомандатному избирательному округу № 5 Сулаймановым Эльдаром Нурлановичем.

В своей жалобе заявитель указал, что с 29.11.2025 года до 02.30 часов 30.11.2025 года в городе Ош начиная с погранпоста Достук по всей улице Курманжан Датка на ЛЭД-экранах незаконно транслировались агитационные видеоролики кандидата Э.Н. Сулайманова, что, нарушает требования части 1 статьи 23 Закона Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики».

На заседании Рабочей группы по рассмотрению заявлений и жалоб избирателей и иных участников избирательного процесса при проведении выборов и референдумов в Кыргызской Республике (далее – Рабочая группа), состоявшейся 4 декабря 2025 года, был приглашен и заслушан заявитель Рахманов Д.Д.

Рахманов Д.Д. подтвердил изложенные в своей жалобе доводы, однако не представил документы и иные допустимые доказательства, объективно подтверждающие обстоятельства, на которые он ссылается.

Рабочая группа, рассмотрев и изучив жалобу Рахманова Д.Д., считает, что изложенные в жалобе обстоятельства носят предположительный, оценочный и неподтверждённый характер, в связи с чем не могут быть использованы в качестве доказательственной базы.

В соответствии со статьей 43 конституционного Закона Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики» заявления (жалобы) должны быть мотивированными и представлены вместе с доказательствами, на которых они основываются.

В соответствии со статьями 3, 4, 8 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Центральной комиссии по выборам и

проведению референдумов Кыргызской Республики», статьей 43 конституционного Закона Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики», на основании решения Рабочей группы от 5 декабря 2025 года Центральная комиссия по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики **решила:**

1. Отказать в удовлетворении жалобы гражданина Рахманова Дилмурада Дилдорбековича.
2. Информировать гражданина Рахманова Дилмурада Дилдорбековича о порядке обжалования настоящего решения в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.
3. Опубликовать настоящее решение на официальном сайте Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики.
4. Контроль за исполнением настоящего решения возложить на члена Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики, руководителя Рабочей группы по рассмотрению заявлений и жалоб избирателей и иных участников избирательного процесса при проведении выборов и референдумов в Кыргызской Республике Жылкыбаева У.К.

**Председатель** **Т. Шайназаров**

г. Бишкек, 7 декабря 2025 г.
№ 1523